КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезекти сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №240 *Кара-Коо айылы*

Ала-Баш айылына кичи футболдук аянтча курууга макулдук берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ала-Баш айылында спорттук инфраструктураны өнүктүрүү, жаштардын жана айыл тургундарынын дене тарбия жана спорт менен машыгуусуна шарт түзүү максатында кичи футболдук аянтча куруу маселеси боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык меничик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ала-Баш айылында иди. коду № 2-04-02-1002-0278 болгон жер тилкесине кичи футболдук аянтча курууга макулдук берилсин.

2. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык меничик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner